# Чет элдик жарандар үчүн медициналык жардам алуунун алгоритми

1. «Жарандар үчүн өкмөт» АКсынан (КТБ) ИЖН алыңыз.
2. Жеке камсыздандыруу компаниясы менен Ыктыярдуу Медициналык Камсыздандыруу (ЫМК) келишимин же баштапкы медициналык санитардык жардам жана тез медициналык жардам көрсөтүү үчүн милдеттүү медициналык камсыздандыруу (ММК) келишимин түзүңүз.
3. ЫМК же ММКны тариздөөсүз Казакстан Республикасынын Эмгек кодексине ылайык чет өлкөлүктөр менен **эмгек келишимин түзүүгө болбойт**.
4. Кызмат көрсөтүүнү алууну каалаган медициналык мекемеңизди (БМСЖ) тандаңыз.
5. Акысыз медициналык жардамдын кепилденген көлөмүнүн (АМЖКК) чегинде медициналык жардам көрсөтүү үчүн туруктуу же убактылуу жашаган жериңиз боюнча БМСЖ уюмуна бекитүү үчүн, электрондук-санаритипк кол тамгаңыз (ЭСК) болгон учурда https://egov.kz порталы аркылуу «Баштапкы медициналык санитардык жардам көрсөтүүчү медициналык уюмга бекитүү» мамлекеттик кызматы ишке ашырылган.
6. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүгө түздөн-түз, жазуу жүзүндө ЫМКны көрсөтүү менен бейтапкана уюмунун биринчи жетекчисинин атына орус же казак тилинде эркин формада арыз жазып, өздүгүңүздү күбөлөндүрүүчү документти (паспортту) көрсөтүү менен кайрыла аласыз.
7. БМСЖ уюмунун адистери «Бекитилген калктын реестри» маалыматтык системасына бекитүү жөнүндө сурамды тариздешет.
8. «Башкы медициналык санитардык жардам көрсөтүүчү медициналык уюмга бекитүү» мамлекеттик кызматы документтер берилген учурдан тартып 1 (бир) жумушчу күндүн ичинде көрсөтүлөт.
9. Мамлекеттик кызматты көрсөтүүнүн натыйжасы болуп https://egov.kz порталындагы «Жеке кабинетте» электрондук документ түрүндөгү бекитүү же жүйөлүү баш тартуу саналат, эгерде сиз порталды же медициналык уюмга бекитүү талону/негизделген баш тартуу талонун колдонгон болсоңуз, а эгерде сиз БМСЖга жеке кайрылсаңыз, медициналык уюмдагы каттоочу тарабынан берилет.
10. БМСЖ уюмуна бекитүү ЫМК же ММК келишиминин мөөнөтүнүн ичинде ишке ашырылат.
11. Үй-бүлө мүчөлөрүн бекитүү үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири тарабынан орус же казак тилинде эркин формада жазылган арыздын, ЫМК келишими жана инсандыгын күбөлөндүрүүчү документи, же ар бир үй-бүлө мүчөсүнүн санариптик документтер сервисинен алынган электрондук документин (идентификациялоо үчүн) көрсөтүүнүн негизинде алардын жазуу жүзүндөгү макулдугу менен жүргүзүлөт.
12. Он сегиз жашка толо элек баланы бекитүү бекитилип жаткан адамдын жана анын мыйзамдуу өкүлүнүн инсандыгын күбөлөндүрүүчү документи же санариптик документтер кызматынан (идентификациялоо үчүн) алынган электрондук документ болгондо жүргүзүлөт.

Проект МОМ "Защита уязвимых мигрантов с особым акцентом на расширение прав и возможностей женщин в контексте миграции в Центральной Азии", при поддержке Министерства иностранных дел Норвегии.

**Казакстан Республикасында убактылуу жүргөн чет элдиктер жана жарандыгы жок адамдар, башпаанек издегендер Казакстан Республикасынын Саламаттык сактоо министринин 9.10.2020-жылдагы №121/2020-буйругуна ылайык акысыз медициналык жардамдын кепилденген көлөмүн алууга укуктуу болгон башкаларга коркунуч туудурган оорулардын тизмеси**

| № | Оорунун аталышы |
|---|---|
| 1. | Кептөөр |
| 2. | Кызамык |
| 3. | Кызылча |
| 4. | Көк жөтөл |
| 5. | Скарлатина |
| 6. | Су чечек |
| 7. | Эпидемиялык паротит |
| 8. | А, В, С паратифтери |
| 9. | Полиомиелит |
| 10. | Менингококк инфекциясы |
| 11. | Холера |
| 12. | Баш келте |
| 13. | Кургак учук (кургак учуктун микобактериясынын болушуна какырыктын сыйпамынын кош конверсиясына жетишилгенге чейин бактерияны бөлүп ыгуу менен өпкө кургак учугу; кургак учуктун курч прогрессивдүү формалары (менингит, милиардуу кургак учук) бейтаптын өмүрүнө коркунуч туудурбаган абалга жеткенге чейин жана кургак учуктун микобактериясынын болушуна какырыктын сыйпамынын кош конверсиясына жетишүүгө чейин) |
| 14. | Психикалык, жүрүм-турумдагы бузулуулар (оору) |
| 15. | Өпкө формасындагы күйдүргү |
| 16. | Кара тумоо |
| 17. | Вирустук геморрагиялык калтыратма |
| 18. | Сары калтыратма |
| 19. | А, Е вирустук гепатиттеи |
| 20. | Безгек |
| 21. | Вирустун жаңы типчеси менен чакырылган адам сасык тумоосу |
| 22. | Оор курч респиратордук синдром (ОКРС) |
| 23. | Коронавирустук инфекция |

Проект МОМ "Защита уязвимых мигрантов с особым акцентом на расширение прав и возможностей женщин в контексте миграции в Центральной Азии", при поддержке  Министерства иностранных дел Норвегии.

**Казакстан Республикасында убактылуу жүргөн чет элдиктер жана жарандыгы жок адамдар, башпаанек издегендер акысыз медициналык жардамдын кепилденген көлөмүн алууга укуктуу болгон медициналык жардамдын көлөмү**

| № | Медициналык кызматтардын аталышы | Медициналык жардамдын көлөмү |
|---|---|---|
| | **Консультациялык кабыл алуу** | |
| 1 | Терапевт | Жылына 2 жолу |
| 2 | Педиатр | Жылына 1 жолу |
| 4 | Хирург | Жылына 1 жолу |
| 5 | Инфекционист | Жылына 1 жолу |
| 6 | Офтальмолог | Жылына 1 жолу |
| 7 | Гастроэнтеролог | Жылына 1 жолу |
| 8 | Оториноларинголог | Жылына 1 жолу |
| 9 | Пульмонолог | 6 айда 1 жолу |
| 10 | Психиатр | 6 айда 1 жолу |
| 11 | Рентгенолог (рентгенограмманы 2 жолу окуу) | 6 айда 1 жолу |
| | **Лабораториялык диагноздоо** | |
| 12 | Кандын сары суусундагы жалпы холестеринди экспресс ыкма менен аныктоо | Жылына 1 жолу |
| 13 | Кандын сары суусундагы глюкозаны экспресс ыкма менен аныктоо | Жылына 1 жолу |
| 14 | Клеткалардын 3 классын дифференцировкалоо менен анализатордогу кандын жалпы талдоосу | Жылына 1 жолу |
| 15 | Зараны жалпы клиникалык изилдөө (сийдиктин жалпы талдоосу) кол ыкмасы менен | Жылына 1 жолу |
| 16 | Какырыктын БК бактериоскопиясы кол ыкмасы менен | Жылына 1 жолу |
| | **Ультра-тыбыштуу жана рентгенологиялык дагноздоо** | |
| 17 | Комплекстүү ультра-тыбыштуу диагноздоо (боор, өт, карын астындагы без, көк боор, бөйрөк) | Жылына 1 жолу |
| 18 | Көкүрөк органдарынын обзордук рентгенографиясы (1 проекция) | 6 айда 1 жолу |
| 19 | Электроэнцефалография | Жылына 1 жолу |

Проект МОМ "Защита уязвимых мигрантов с особым акцентом на расширение прав и возможностей женщин в контексте миграции в Центральной Азии", при поддержке  Министерства иностранных дел Норвегии.